УДК 372.882 https://doi.org/10.56122/..v1i2.203

**АДАБИЯТ САБАГЫН ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАР АРКЫЛУУ ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ( 3-4-класстын мисалында)**

**Үкүева Бушарипа Кожояровна,** ***профессор,***
***Нооманова Айдай Марипбаевна, магистр***
***Ош мамлекеттик университети***

**ОСОБЕННОСТИ ПРЕПОДАВАНИЯ УРОКА ЛИТЕРАТУРЫ ЧЕРЕЗ НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ (на примере 3-4 класса)**

**Үкүева Бушарипа Кожояровна,** ***профессор,***
***Нооманова Айдай Марипбаевна, магистр***
***Ошский государственный университет***

**FEATURES OF TEACHING THE LITERATURE LESSON THROUGH NEW TECHNOLOGIES (in the example of 3rd-4th grade)**

***Ukueva Busharipa Kojoyarovna., Professor***
**Noomanova Ayday Maripbaevna - magister**
***Osh State University***

**Аннотация:** Макалада адабий окуу сабагын жаны технологиялар аркылуу окутууда окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун жолдору жөнүндө сөз болуп, окуучуларды жаңы технологиялар менен тааныштыруу, окуп-түшүндүрүү, сабакта колдоно билүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу жана ал процеестин ишке ашышы үчүн мугалим окутуунун инновациялык түрлөрүн өз орду менен пайдалана билүүсүнүн зарылдыгы белгиленет. Анткени ал келечек кесип ээлерин тажатма сабактан арылтып, дүйнөлүк деңгээлдеги жаңы түзүмдөргө жана өзгөрүүлөргө, чыгармачылык активдүүлүкө жетиштирүү максатын көздөгөн инсан экендиги тууралуу маалымат берилет.

**Аннотация:** В статье говорится о путях повышения творческой активности учащихся при преподавании уроков литературы посредством новых технологий, о необходимости умения учителя использовать инновационные виды обучения с целью ознакомления учащихся с новыми технологиями, чтения и объяснять их, формировать умение использовать их на уроке и реализовывать этот процесс. Потому что сообщается, что он человек, который стремится освободить будущих носителей профессии от скучных уроков и добиться мирового уровня новых структур и изменений, творческой деятельности.

**Annotation:** The article talks about the ways to increase the creative activity of students in the teaching of literary lessons through new technologies, the need for the teacher to be able to use innovative types of teaching in order to introduce students to new technologies, to read and explain them, to form the ability to use them in the lesson, and to implement this process. is noted. Because it is informed that he is a person who aims to free the future profession holders from boring lessons and achieve world-class new structures and changes, creative activity.

**Ачкыч сөздөр:** педагог, тажрыйба, чыгармачылык активдүүлүк, ыкма, ааламдашуу.
**Ключевые слова:** педагог, опыт, творческая деятельность, метод, глобализация.
**Key words:** teacher, experience, creative activity, method, globalization.

**Киришүү.** Билим берүү системасында заман талабына ылайык ишмердүүлүктү жогорку денгээлде ишке ашырууну үйрөнүп, жана аны турмуш тажрыйбасында колдоно билүүнү талап кылган бир топ технологиялар педагогикалык процесске диидактикалык каражаттар катары кирүүдө. Анткени коом жаңыланган сайын жаш муундарга мезгил талабына ылайык билим берүү зарылдыгы пайда болоору закон ченемдүү көрүнүш. Мындай зарыл талаптарды жүзөгө ашыруу, эртеңки келечек ээлерин ааалам масштабында ой жүгүртө билүүгө тарбиялоо

алибетте мугалимден түмөн түйшүктү, кажыбас кайратты талап кылат. Күн-түн эмгектенет, изденет. Эртеңки өтө турган сабагынын технологиялык картасын, эң биринчи, максатын, мазмунун, дидактикалык усул-каражаттарын, формаларын алардын бири-бири менен байланышын, композициялык биримдигин жана аларды аныктап, тактап түшүндүрүүнүн жолдорун издейт. Ал эми жогорудагы зарылдыктарды чечүү үчүн мугалимден чыгармачылык чеберчилиги, айрыкча жаңы интерактивдүү технологияларды чеберчилик менен колдонуусу талап кылынат.

Бул зарылдыктын келип чыгышынан улам билим берүү тармагы бир топ жаңы өзгөрүүлөргө дуушар болуп, маданий-руханий өзгөчөлүгү менен интеграцияланып көптөгөн ийгиликтерди жарата баштады. Тактап айтканда кыргызстан билим берүүдөгү алдыңкы башка өлкөлөрдөгү иш тажрыйбаларды, көптөгөн ийгиликтерди өлкө ичине алып келүү менен заман талабына шайкеш келген билим берүү сапатын жогорулатууга бир топ аракеттерди жасоо аракетине киришти. Буга себеп, *биринчиден*, коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөр, базар экономикасы, анын натыйжасында жогорку окуу жайларынын арасындагы ички жана тышкы конкуренциянын күчөшү, ага туруштук берүү мүмкүнчүлүктөрү, кесиптик билим берүү системасындагы заман талабына ылайык дүйнөлүк масштабдагы билим берүүнүн зарылдыгы болду. Дагы бир жагдай, дүйнө жүзү ааламдашуу дооруна туш келип, коомдук маданияттын интеграцияланышынан улам, улуттук баалуулуктардын өзгөрүшү, адамзаттын жашоого, турмушка болгон көз караштарын жаңыча нукка буруу менен, эскини жаңылоого убакыт келгендей талапты коюу жагы да, ар бир инсанды ойго салбай кое албагандыгы менен таанылды. Жогоруда белгилеп кеткендей, мезгил талабы убакыт өткөн сайын улам өзгөрүп, кылым тогошкон мезгилде билимдин булактары да өз нугун бир аз татаал жолго бура баштагандыктан, ааламдашуу процесси жүрүп, анын ылдамдыгы дүйнөнүн булуң- бурчуна бат тарап, жыйынтыгында, жаңы заманбап билим берүү толкуну баштапкы билим берүү тармагында жаңы технологияны пайдалануу зарыл экендигин көрсөттү [3, 400].

Бул позициядан алып караганда, адабий окуу сабагын (3-4-класстарда) жаңы технологиялар аркылуу окутууда жалпы жана кесипкөйлүк компетенцияларды калыптандыруу, билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө, чыгармачылык менен мамиле кылуу процесстери жүрүп, ой жүгүртүүчүлүк жөндөмдүүлүктөрү калыптанууга шарт түзүлүүдө.

**Макаланын максаты:** Адабий окуу предметин инновациялык технологиялар аркылуу окутуу менен окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын жигердүү калыптандыруунун педагогикалык шарттарын жаратуу.

**Изилдөөнүн методикасы:** илимий-теориялык, инновациялык стратегиялар.

**Талкуу жана натыйжа.** Бүгүнкү күндүн талабы – окуучулардын заман талабына ылайык билим алуусу менен алардын алдыга карай умтулуу жараянында креативдүүлүктү өнүктүрүү жолдорун өздөштүрүү этабы. Бул этапта ишеним жана аракет, кызматташуу гана адабий окуу предметин интерактивдүү технологиялар аркылуу окутуунун иш жүзүнө ашырылышы окуучунун – билим алуучунун бирдиктүү таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн (окутуунун) эффективдүү деңгээлдик жыйынтыгына жетүүсү болуп саналат. Бул процесстин педагогикалык маңызы – окуучунун таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү, өз алдынчалыгын жогорулатуу, маалымат талап кылуучудан колдонуучуга айлантуу, келечектеги инсан катары зарыл болгон жеке сапаттарын калыптандыруу болуп эсептелет. Ошондон улам, учурдагы ааламдашуу доорунда маалыматтык технологиялардын интенсивдүү

тынымсыз өсүшү коомдук жашоонун бардык жактарына таасирин тийгизген сыяктуу, билим берүү мейкиндигине да өзүнүн таасирин тийгизип, салттуу окутуу технологияларынан айырмаланган “ окутуунун инновациялык технологиялары” деген түшүнүктүн натыйжасында “инновациялоо”, “жаңыча билим алуу” деген жаңы түшүнүктөр орун алып, жыйынтыгында замандын агымына ылайык окутуунун илимий практикалык негиздерин түзүп чыгуу зарылдыгы пайда болду.

Чындыгында жогорудагыдай окутуу процессинде бул же тигил интерактивдүү усулду пайдаланууда сабактын максатынын толук кандуу ишке ашышы окуучу менен мугалимдин иш - аракеттерине, интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнө, табитине көз каранды болуп саналат. Айрыкча адабий окуу предметин 3-4-класстарда окутууда жөнөкөйдөн татаалга карай адегенде жөнөкөй интерактивдүү усулдардан “Кластер”, “БББК”, “Блок системасы” сыяктуу ыкмаларды колдонуу аркылуу окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууга, чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө тарбиялап, ага басым жасоо мугалимге жана окуучуларга эффективдүү натыйжаларды алып келет.

Натыйжада бул жыйынтыктын негизинде баштапкы билим берүү системасында адабий окуу предметин жаны инновациялык технологияларды колдонуу аркылуу окутууда, окуучулардын билимге болгон кызыгуусу калыптанып, жыйынтыгында окуучунун сабактагы иш – аракети кызыктуу, ойлоп табуучулук жөндөмү аркылуу коштолуп, класста алардын практикалык жигердүүлүгү көрүнөт. Жогорудагы айтылган көз караштардан улам 3-класстын адабий окуу предметинде “Кумурска менен жалкоо” деген темадагы жомокту жаңы технологиялар менен окутулуучу сабактын иштелмесин мисал катары алалы:

Сабактын темасы: **“КУМУРСКА МЕНЕН ЖАЛКОО”**

**Сабактын максаты:**

| **Компетенттүүлүктөр** | **Сабактын максаты** |
|---|---|
| 1.***Маалыматтык-компетенттүүлүк:*** Жомокту түшүнүп кайра айтып беришет. ***Социалдык-коммуникациялык*:** 2. Кластер, блок, синквейн түзүшөт, ролдоштуруп окушат, жомок боюнча суроолорго жооп беришет ***Өзүн-өзү башкаруу, көйгөйдү чечүү:*** 3. Эмгек кылса кадыр-барктуу болорун түшүнүшөт. | 1. ***Билим берүүчүлүк*:** Окуучуларга кумурска менен жалкоо жөнүндө түшүнүк берүү. 2. ***Өнүктүрүүчүлүк:*** Жомоктун каармандарына мүнөздөмө бере алышат, сынчыл ой жүгүртүшөт, ролдоштуруп окушат, өз ойлорун эркин айтып бере алышат. 3. ***Тарбия берүүчүлүк:*** Эмгекти сүйүүгө, аракетчил жана кайраттуу болууга тарбияланышат. |

**Сабактын тиби:** жаңы билим берүүчү

**Сабактын усулу:** кластер, суроо-жооптуу блок системасы

**Сабактын жабдылышы:** окуу китебиндеги текст, Ах4 барактары, таркатмалар.

**Сабактын темасын болжолдоп аныктоо максатында, чакыруу катары төмөндөгүдөй суроо берилет:**

- Кумурска жөнүндө эмне билесиңер?
- Жалкоо жөнүндөчү?
- Сабакта эмне жөнүндө сөз болот деп ойлойсуңар?
- Сабакка кандай максат коёлу? Эмне иш аткаралы?

**Жаңы теманы түшүндүрүү**

**Окуучуларга 3- класстын “Адабий окуу” китебинин 19-бетин ачып, “Кумурска менен жалкоо” жомогун окуу сунуш кылынат. Текст:**

Илгери - илгери өткөн заманда бир Жаталак деген жалкоо адам жашаган экен. Аны бир ишке жумшаса эле:

– Оф, Кудайдын күнү кумдан көп, эртең бүтүрөм! – деп салкын жерге жатып алып, уйку-соонун ортосунда күнүн өткөрөт.

Ошондой күндөрдүн биринде эмне кыларын билбей, кумурсканын бирин сөөмөйү менен тосуп:

– Эй, кумурска, эмнеге башың чоң? – дейт.

– Башымда акыл бар, – дейт кумурска жалкоонун жол тоскон сөөмөйүнөн ашып баратып.

– А эмнеге белиң ичке? – дейт кайра.

– Көп иштеп, аз жейм, – дейт экен сөөмөйүн айланып баратып.

– Буттарың неге тартагай?

– Тынбай иштеп, эмгек кылам. Күн менен жарышам, өмүр менен жарышам.

Жалкоо таң калат да мындай деп айтат: «Бул кумурскалар акыл менен идиректи кубат менен чыдамды кайдан алат? Күн менен жарышып, жашоонун кайсы сырларын издейт эккен сурайынчы», – дейт да көрунгөн чөптүн түбүн аңтарып, кумурсканы издей баштайт.

– Кумурска, кумурскабай, сени издей берип аябай чарчадым. Жанагы өзүң айткан акыл - идиректи, кубат менен чыдамды кайдан аласың?

– Аны сенин жаныңа отуруп түшүндүрө албайм. Муну чындап билгин келсе мени менен кошо жүр, – дейт кумурска.

Жалкоо макул болуп, тогуз айлык наристедей төрт аяктап жөрмөлөп ээрчип жөнөйт. Кумурска алдынан чыккан ар бир чөпкө токтоп мындай дейт:

– Биз мына бул чөптү «Кубат чөп» дейбиз. Ал жаз алды менен эң эрте чыгат. Он беш күндө эле бышат. Кышы менен чээнде жатып алсыраган курт-кумурска анын уругун жесе кубат алат. Ал эми бул чөптү «жыпар чөп» дейбиз. Бул болсо «Сүт чөп». Анын уругу жумшак жана даамдуу келип, жумурткадан жаңы чыккан чимелилерге жагымдуу тамак. А бул калдайган чоң жалбыракты «Соргок» дейбиз. Анткени, сууга эч эле тойбойт. Жамгырдын суусун калдайган жалбырактары менен тосуп алып, өз тамырына куя берет. Өзү өскөн жерге башка чөптөрдү өстүрбөйт. Мунун сөңгөгүндө дайыма суу көп болгондуктан, кургакчыл айларда биз суусунубузду ушул Соргоктон кандырабыз. Эми мына булар жөнүндө айтсам: – Бул «Тамак чөп», мунусу «Кышкы чөп», тиги «Мээр чөп» деп, ар бир чөптүн өзүнө жараша мүнөзүн, дарылык касиеттерин айтып отурат.



Арадан кырк күн өткөндөн кийин жалкоонун башына да ар кыл акыл-идирик пайда болуп, дардайган курсагы тартылып, белине чыдам менен кубат орнойт. Солдоюп жатчу буттары күн

менен кошо жарышка чыгып, күн дем алмайынча өзү да дем албай, үрөн эгип, бак отургузуп, эмгекчил досунан үйрөнгөн дары чөптөрдү жыйнап, сыркоо адамдарды айыктырып, эл урматтаган кадыр- барктуу адам болуп калган экен” деген жомоктун текстин окуп түшүнүк алышат.

**Андан кийинки аткарылуучу иш-аракеттер жана презентация:**

**1-кадам:** окуучулар эки топко бөлүнөт;

**2-кадам:** 1-топ кластер түзүшөт;

**3-кадам:** 2-топ блок стратегиясын толтурушат;

**4-кадам:** Мугалим сабакты жыйынтыктайт.

**5-кадам:** Үйгө тапшырма берилет.

**6-кадам:** Окуучулар мугалимдин көзөмөлүндө ар бир топ бири-бирин баалашат.

**Жыйынтык.** Мындай жаңы технологиялар менен окутуу жана окуучуларды аларды кабыл алууга үйрөтүү, алардын чыгармачылык ой жүгүртүүсү аркылуу билим, билгичтигин жогорулатуу бул – биз, окутуучулардын ишке ашыра турган негизги милдетибиз. Демек, маңыздуу билимди өнүктүрүү үчүн мугалим окутуунун интерактивдүү методдорун үзгүлтүксүз колдонуусу жана себеп, натыйжаны туура пайдалана билүүсү аркылуу гана билим берүүнүн мазмундук сапаттуулугун арттыра алат. Анткени азыркы мезгилде келечек кесип ээлери маанисиз билим эч кандай жаңылыкты жарата албайт, ал үчүн маңыздуу билимге муктаж экендигине көзү жетип тургандыгы анык.

Ошондой болсо да, окутуу системасында комплекстүү “ жаңы технологияны” колдонуу каражаттары аркылуу окутууда айрыкча окуучуларды топторго бөлүп, өз алдынча, чыгармачылык менен активдүү иштөөгө багыттоодо билимди натыйжалуу өздөштүрүүнүн үзүрү катары сабак учурунда жасалган ар кандай макет, модель, ырлар, жана башка ушул сыяктуу жаңы идеялардын презентацияланышынан көрүнөөрүн байкоого болот.

Демек, мындан төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот: ар бир педагогдун педагогдук кредосу үзүрлүү сабак берүүгө барып такалгандыктан, анын негизги милдети окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окуучу, мугалим, чөйрө, аудитория бири – бири менен органикалык тыгыз байланышта болуусу зарыл чындык. Анткени, кээде мугалим дайыма эле багыт берүүчү рационализатордук милдетти аткара бербей өз ролун окуучуларга да тапшыруу аркылуу байкоочулук милдетти аткарса да болорун заман агымы далилдеп турат. Себеби, бүгүнкү күндөгү эл агартуу системасынын алдында турган ар дайым актуалдуулугун жоготпогон орчундуу жана көгөйлүү маселеси – учурдун чыныгы педагогу чебер, чыгармачыл, жигердүүлүк менен жаңыча иштей билген, ар тараптан өнүккөн, улам жаңы маалыматты алып, аны практика менен айкалыштыра билген тажрыйбалуу педагогдордон болуусун талап кылууда.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Алексеева М.А. Преподавание литературы: образовательные технологии. [Текст] / Алексеева М.А.// Учеб. – метод. пособие. – Екатеринбург: Изд-во Урал. университета, 2014. – 100 с.
2. Байгазиев С. Окутуунун интерактивдик методу. [Текст] / Байгазиев С// – Бишкек, 2004. – 25 б.
3. Богданова О.Ю., Леонов С.А., Чертов В.Ф. Теория и методика обучения литературе. [Текст] / Богданова О.Ю., Леонов С.А., Чертов В.Ф// Учебник для студентов пед. вузов. – М.: Издательский центр «Академия», 2004. – 400 с.
4. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. [Текст] / Бекбоев И.Б. // – Бишкек: Педагогика, 2015. – 15 б.

5. Рахимова М.Р. Педагогиканын теориясы, технологиясы жана системасы. [Текст] / Рахимова М.Р// – Бишкек, 2003.
6. Тайиров М.М., Мурзаев М.С. Окутуунун жаңы технологиялары. [Текст] /Тайиров М.М., Мурзаев М.С//Окуу-усулдук колдонмо – Ош, 2009.
7. Нусупова Г. Ш. Башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүнзаманбап ыкмалары жана технологиялары [Текст] / Нусупова Г. Ш. // Макала–КББАК №1(62)20024.49-бет.
8. Мендибаева, Н. (2024). Интегрированные уроки в начальной школе как способ всестороннего развития учащихся и активизации познавательной деятельности. Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова, 1(1(23). https://doi.org/10.56122/.v1i1(23).125

**УДК:** 37.091.3 https://doi.org/10.56122/..v1i2.198

МОТИВАЦИЯЛЫК МЕТОДДОР БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУНУН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

Турдубаева К. Т.- п.и.к., доцент. ОшМПУ,
kandalathanturdubaeva@gmail.com

МОТИВАЦИОННЫЕ МЕТОДЫ КАК СРЕДСТВО ПОВЫШЕНИЯ КАЧЕСТВА ОБРАЗОВАНИЯ

Турдубаева К. Т.- к.п.н., доцент. ОшГПУ,
kandalathanturdubaeva@gmail.com

**MOTIVATIONAL METHODS AS A MEANS OF IMPROVING THE QUALITY OF EDUCATION**

**Turdubaeva K. T. -candidate of pedagogical sciences,**
**associate professor Osh State Pedagogical University,**
kandalathanturdubaeva@gmail.com

***Аннотация:*** макалада мотивациялык методдордун билим берүүнүн сапатын жогорулатуудагы орду жана мааниси каралган. Мотивациянын билим берүү процессинде студенттердин активдүүлүгүн жана окууга болгон кызыгуусун арттыруудагы ролу талданат. Заманбап билим берүү системасында мотивациялык методдорду киргизүү аркылуу студенттердин когнитивдик жөндөмдөрүн өнүктүрүү, чыгармачыл ой жүгүртүүсүн активдештирүү, жана теориялык билимди практикалык жактан колдонуу жолдору көрсөтүлгөн. Макалада билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жардам бере турган геймификация, окуу максаттарын түшүндүрүү, маселелерди чечүү жана проблемалуу окутуу сыяктуу методдор талданат. Жыйынтыктоочу бөлүгүндө мотивациялык методдорду натыйжалуу колдонуу боюнча сунуштар берилген.

***Ачкыч сөздөр:*** мотивациялык методдор, билим берүүнүн сапаты, студенттердин активдүүлүгү, геймификация, проблемалуу окутуу, чыгармачыл ой жүгүртүү.

Билим берүүнүн сапатын жогорулатууда мотивациялык методдордун мааниси

***Аннотация:*** в статье рассматривается роль и значение мотивационных методов в повышении качества образования. Анализируется роль мотивации в повышении активности студентов и интереса к обучению в учебном процессе. Путем внедрения мотивационных методов в современную систему образования показаны пути развития познавательных способностей учащихся, активизации творческого мышления, применения теоретических знаний на практике. В статье анализируются такие методы, как геймификация, уточнение